Ош Мамлекеттик Университетеинин Физика – техника факультетинин жалпы физика жана ФОУ кафедрасынын ФЕ-1-19 тайпасына өткөргөн жыйналышынын

**№ 1 протоколу**

2022-жыл, 21- октябрь

Ош шаары

Төрага- М. Курбаналиев

Катчы- Ж. Молдоярова

Катышкандар: М. Курбаналиев, Ж. Макамбаева, Ж. Молдоярова, ФЕ-19 тайпасынын студенттери

1. ФЕ-19 группасынын студенттеринин кесиптик – профилдик практикасынын жыйынтыгын талкулоо.

Угулду.

Ага окутуучу М. Курбаналиев, ФЕ-19 группасынын студенттери Ош шаарынын жана Алай районунун мектептерине кесиптик-профилдик практиканы өтөөгө бөлүштүрүлгөн. Ошондуктан ар бир мектеп бирден студент-практикантка сөз берилди.

1.1 Эсенбек кызы Айгерим: Биз 5 студент Ош шаардык №16 кесиптик-лицейге педагогикалык практиканы өтөөгө бөлүштүрүлдүк. Практика кезинде биз теориялык билимдерибизди практикада колдонууга үйрөндүк. Физика боюнча жна тарбиялык саат боюнча бирден ачык сабак өткөрдүк.

1.2 Калмамат кызы Гулумкан: Практика кезинде биз дагы виртуалдык экспериментти кеңири пайдаландык. Мектептин физика мугалими дагы кызыгуу менен кабыл алышты. Аларга электрондук досканы пайдаланууну дагы үйрөттүк.

1.3 Фархатова Арууке: № 18 Навои орто мектебинде 6 студент практикада болдук, тартип өтө катуу көзөмөлдөнөт экен. мектеп окуучуларынын билими бир аз төмөн экени байкалды, бирок Биз физика боюнча кече өткөрдүк, фокустарды көрсөттүк, алардын жандырмагын физикага таянып түшүндүрдүк, натыйжада физикага кызыгуусун жогорулата алдык деп эсептейм.

1.4 Низомжон кызы Фарангиз: Мен №5 Жоомарт Бөкөнбаев атындагы мектеп-гимназиясында практикада болдум, негизинен 8-9-класстарга сабак өттүм, ачык физикалык жана тарбиялык сабактарды уюштурдум.

1.5 Бакытбек кызы Нурзада: Алай району Корул айылы №26 А. Бекташов атындагы орто мектебинде практикада болдум, негизинен 7-8-класстарга сабак өттүм, физика боюнча жана тарбиялык саат боюнча ачык сабактарды өттүм.

Сөзгө чыккандар: Ага окутуучу М. Курбаналиев, окутуучулар Ж. Макамбаева Ж. Молдояровалар практиканын оң жана терс жактарын белгилешип, тиешелүү сунуштарын беришти.

**Токтом**

ФЕ-19 группасынын студенттеринин практикасы канаттандырарлык деп табылсын.

Төрага: М. Курбаналиев

Катчы: Ж. Молдоярова